DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Осмоналиева Ч.Ч.*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ МИГРАЦИЯЛЫК АБАЛ

*Осмоналиева Ч.Ч.*

# МИГРАЦИОННАЯ СИТУАЦИЯ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

*Ch. Osmonalieva*

# MIGRATION SITUATION IN THE KYRGYZ REPUBLIC

*УДК: 90+312. (575.2)*

*Азыркы учурда дүйнө жүзүндөгү миграциялык абал өлкөлөрдүн ичиндеги демографиялык, социалдык, экономикалык абалына чоң таасирин тийгизип жатат. Бул макалада Кыргызстандагы миграциялык кырдаал, коронавирустук инфекциянын жайылышынан улам келип чыккан эпидемиологиялык кырдаалдын миграциялык агымга тийгизген таасири каралган. Пандемиянын учурунда мигранттардын жашоо шарты өзгөрүүлөргө дуушар болуп, көптөгөн терс көрүнүштөргө алып келди. Мамлекеттин бюджетине чоң салымын кошкон мигранттардын акча агымынын кыскарышы да өзүнүн таасирин тийгизди. Тышкы миграциянын агымы көбөйүп, чет элдик мигранттардын саны да жылдан жылга көбөйүүдө. Мамлекет тарабынан берилген квотадан мигранттардын саны ашып кетүүдө. Кыргыз Республикасындагы мыйзамсыз миграциянын себептери катары миграциялык көзөмөл системасынын жоктугу, чек аралардын ачык-айкындыгы, Кыргызстандын транзит үчүн ыңгайлуу географиялык абалы, улуттук мыйзамдардын жана эл аралык келишимдик базанын жеткилең эместиги саналат.*

***Негизги сөздөр:** миграция, миграциялык абал, пандемия, чет элдик мигранттар, квота, мыйзам, чек ара.*

*В настоящее время миграционная ситуация в мире оказывает существенное влияние на демографическую, социальную и экономическую ситуацию в стране. В данной статье рассматривается миграционная ситуация в Кыргызстане и влияние эпидемиологической ситуации, вызванной распространением коронавирусной инфекции, на миграционные потоки. Во время пандемии изменились условия жизни мигрантов, что привело ко многим негативным последствиям. Сказалось и сокращение денежного потока мигрантов, которые внесли значительный вклад в государственный бюджет. Поток внешней миграции увеличивается, и количество иностранных мигрантов растет из года в год. Причинами незаконной миграции в Кыргызскую Республику являются отсутствие системы миграционного контроля, прозрачность границ, выгодное географическое положение Кыргызстана для транзита, несовершенство национального законодательства и международных договоров.*

***Ключевые слова:** миграция, миграционная ситуация, пандемия, иностранные мигранты, квота, закон, граница*

*Currently, the migration situation in the world has a significant impact on the demographic, social and economic situation in the country. This article discusses the migration situation in Kyrgyzstan and the impact of the epidemiological situation caused by the spread of coronavirus infection on migration flows. During the pandemic, the living conditions of migrants have changed, which has led to many negative consequences. The reduction in the cash flow of migrants, who made a significant contribution to the state budget, also had an effect. The flow of external migration is increasing, and the number of foreign migrants is growing from year to year. The reasons for illegal migration to the Kyrgyz Republic are the lack of a migration control system, the transparency of borders, the favorable geographical position of Kyrgyzstan for transit, the imperfection of national legislation and international treaties.*

***Key words:** migration, migration situation, pandemic, foreign migrants, quota, law, border.*

Кыргыз Республикасындагы азыркы миграциялык абалы туруктуу жашоого жана Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары ишке орношуу максатында кеткен жарандардын санынын өсүү тенденциясы менен мүнөздөлөт. Азыркы экономикалык кыйын кырдаалда миграция биздин гана республикада эмес, дүйнө жүзүндө орчундуу маселеге алып келген бирден-бир көрүнүш болуп эсептелет. Ошол эле учурда чет өлкөлүк жарандардын туруктуу жашоо үчүн биздин республикабызга келүүсү жана этникалык кыргыздардын тарыхый мекенине кайтып отурукташуусу да көп байкалууда. Ички мигранттардын агымы калктын айылдан шаарга көчүшү да күнүмдүк көрүнүш болууда.

Пандемия жана анын кесепеттери, дүйнөгө тараган короновирус инфекциясы да көп өлкөлөрдөгү миграция процессине да чоң таасирин тийгизди. Мигранттардын көпчүлүгү отельдерде, туризм жаатында, тейлөө тармактарында иштеп келишкендиктен, көпчүлүгү жумушсуз калышкан.

Акыркы 2022-жылдын башындагы расмий билдирүүлөргө карата, Кыргызстандын 1млн 118 миң жараны, анын ичинен бир миллионго жакыны Россия Федерациясында эмгектенүүдө [1].

Россия Федерациясы пандемия шартына ылайык 2021-жылдын 29-декабрынан тарта жаңы миграциялык эрежелер боюнча жаңы мыйзамдарды киргизишти. Анын негизинде чет элдик жарандар, анын ичинде Кыргыз Республикасынын жарандары да медициналык текшерүүдөн жана дактилоскопиялык (манжа изи) каттоодон өтүшөт. Мындай процедурадан өтүү мигранттар үчүн көптөгөн ыңгайсыздарды жаратып келет. Бул процедураны жеңилдетүү максатында эки өлкө ортосунда сүйлөшүүлөр жүргүзүлүүдө.

Кыргыз жарандарынын көпчүлүк агымы Россияга багыт алгандыктан, эки мамлекет ортосундагы чечимдин негизинде, Кыргызстандын эки шаарында – Бишкек жана Ошто россиялык миграциялык борборлорду орноштуруу маселеси каралып, ал 2022-жыл-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



дын жай айларына пландаштырылууда. Бул борборлордо Россияга чыгуунун алдында мигранттар консультация алып, ишке орношууга алдын ала керектүү процедураларды өтүшөт, бул өз кезегинде мигранттар үчүн көп жеңилдиктерди алып келип, кыргыз жарандары өз укуктары менен да таанышышат. Анткени, өз укуктарын билбеген мигрантар көп учурларда Россияда көптөгөн көйгөйлөргө дуушар болуп келишкен.

Россиядан кийинки орунда мигранттар үчүн эмгек рыногу катары Казахстан турат. Казахстан өз учурунда 2022-жылдын 15-январынан тарта чет элдик мигранттарды COVID-19га карата ПЦР тестин терс көрсөткүчүн далилдөөчү справкасы менен гана кабыл алат. Азыркы учурда Кыргызстандын жарандары Казахстанга аба жолдору менен гана өтүшөт. Ал эми ошол эле учурда Казахстандын жарандары эркин, эч кандай тоскоолсуз Кыргызстандын аймагына киришет.

Кыргыз Республикасында да короновирус инфекциясынын жайылышын кыскартуу максатында, 2020-жылдын 17-мартынан тарта республиканын аймагында жүргөн чет элдик жарандар чыгуу визасын албастан жана убактылуу жашаган жери боюнча каттоосуз эле Кыргыз Республикасынын аймагынан чыгууга мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн. Ал «жашыл коридор» чет өлкөлөр ортосундагы авиа, темир жол жана автомобиль транспорту калыбына келүүсүн эске алып жокко чыгарылган. 2022-жылдын 1-мартынан баштап ар кандай максатта жүргөн чет элдик жарандар өлкөнүн аймагында мыйзамдуу жүрүү үчүн тиешелүү документтерди (виза, каттоо) даярдоо сунушталат [2].

Чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды эсепке алуу жана каттоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын Калкты каттоо департаменти тарабынан ишке ашырылат. 2020-жылы чет элдик миграциялык каттоого алынган калктын саны 332 854 адамды түзгөн.

Ар бир календардык жыл башталганга чейин төрт ай калганда Кыргыз Республикасына чет өлкөлүк жумушчу күчүн тартууга жыл сайын мамлекеттин кызыкчылыктарын жана ички эмгек рыногундагы кырдаалды эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан квоталар аныкталат.

Кыргыз Республикасында эмгек иммиграциялык квотасын 88 мамлекеттин жарандары алышкан, алардын ичинен эң көп бөлүгүн Кытайдын жарандары – 61,3%, же 6300 чет элдик адистер, Түркия Республикасынын жарандары – 14,1%, же 1445 адам, Пакистан - 4,1%, же 424 адам, Корея Республикасынын жарандары - 3,1%, же 322 адам, Индия жана АКШнын жарандары - 2,1%, же 216 адам, Вьетнамдын жарандары - 1,5%, же 151 адам.

*1-таблица*

**Кыргыз Республикасындагы миграциялык абал боюнча статистикалык маалыматтар**

| № | Көрсөткүчтөр | 2020-жылга карата |
|---|---|---|
| 1. | Кирген чет элдик жарандардын саны | 3 963314 |
| 1.1. | анын ичинен КМШга мүчө болгон мамлекеттерден келгендер | 2 184559 |
| 2. | Миграциялык каттоого коюулгандар (катталган) | 332 854 |
| 2.1 | анын ичинен КМШ өлкөлөрүнөн | - |
| 3. | Эмгек ишмердүүлүгүнө берилген уруксат (патенттер) | 5647 |
| 4. | Убактылуу жашоого уруксат берилген | 1 |
| 5. | Туруктуу жашоого уруксаттар берилген | 159 |
| 6. | Жарандык алгандар | 3757 |
| 7. | Өлкөдөн чыгып кеткен чет өлкөлүк жарандар (жалпы) | 3 883218 |
| 7.1 | анын ичинде КМШга мүчө мамлекеттердин жарандары | 2 174096 |
| 8. | Качкын макамын жана убактылуу башкалкоо (кошумча коргоо) алуу үчүн кайрылган адамдардын саны | 321 |
| 9. | Качкын деп таанылгандар | 10 |
| 10. | Убактылуу жай берилгендер | - |
| 11. | Качкын статусу жана убактылуу башкалкоо берүү четке кагылды | 96 |
| 12. | Качкын статусун алган адамдар менен каттоодо турат | 199 |
| 13. | Убактылуу башкалкоо алган адамдар катары катталган | - |
| 14. | Миграциялык мыйзамдарды бузуучулар аныкталган, анын ичинде: | 1328 |
| 14.1. | кирүү, чыгуу жана калуу тартибин бузуулар | 165 |
| 14.1.1. | анын ичинен КМШга мүчө мамлекеттердин жарандары тарабынан жасалган | – |
| 14.2. | эмгектик ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруунун белгиленген тартибин бузуулар | 9 |
| 14.2.1. | анын ичинен КМШга мүчө мамлекеттердин жарандары тарабынан жасалган | |
| 15. | Администрациялык жол менен өлкөдөн чыгарылып, мамлекеттен тышкары депортацияланган | 0 |

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*2-таблица*

**2016-2020 облустар боюнча миграциялык өсүү, тышкы миграция боюнча чыгып кетүүнүн саны** (адам)

| | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасы | -3 965 | -3 925 | -5 390 | -6 160 | -4 861 |
| Баткен облусу | -69 | -68 | -228 | -315 | -73 |
| Жалал-Абад облусу | -232 | -320 | -458 | -605 | -500 |
| Ысык-Көл облусу | -259 | -216 | -323 | -373 | -246 |
| Нарын облусу | -30 | -33 | -29 | -42 | -28 |
| Ош облусу | -309 | -426 | -724 | -793 | -1 140 |
| Талас облусу | -162 | -137 | -112 | -115 | -120 |
| Чүй облусу | -1 194 | -1 145 | -1 263 | -1 473 | -1 198 |
| Бишкек шаары | -1 487 | -1 407 | -2 009 | -2 075 | -1 248 |
| Ош шаары | -223 | -173 | -244 | -369 | -308 |

Таблицага анализ бере кетсек, жалпы республиканын аймагынан чыгып кеткендердин саны боюнча алдыңкы орундарда Бишкек шаары, Чуй облусу, Ош облусу, кийинки орундарда Джалал-Абад жана Ош шаары турат [2].

**Адабияттар:**


1. Кыргызстандын калкынын миграциясы. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети. - Бишкек, 2021.
2. Кыргыз Республикасынын «Тышкы миграциясы жөнүндө» мыйзамы 13- январь 2006 года, №4, №89, 24-июль 2020-ж., редакцияланган.
3. Кыргыз Республикасынын министрлигине караштуу тышкы миграция департаментинин маалымат бөлүмү http://cbd.minjust.gov.kg/act
4. Осмоналиева Ч.Ч., Шаршеев Б.И. социально-экономические и экологические последствия миграционных процессов в Кыргызстане. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2018. - №. 8. - С. 82-85
5. Эрмекова Г.М. Современные мировые миграционные процессы и её особенности. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. №. 3. С. 112-116.
6. Абдиев М.Ж., Эркин уулу Р. Миграция населения Кыргызстана в условиях экономической интеграции. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - 2021. - №. 10. - С. 175-180.
7. Чекирова А.К. Миграционные процессы в современном мире, их виды и причины (правовая характеристика). / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2021. №. 2. С. 159-163